КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК
БАЖЫ КЫЗМАТЫ

**АДИСТЕШТИРИЛГЕН ОКУТУУ БАЖЫСЫ**

ГОСУДАРСТВЕННАЯ
ТАМОЖЕННАЯ СЛУЖБА ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ФИНАНСОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**УЧЕБНО-СПЕЦИАЛИЗИРОВАННАЯ ТАМОЖНЯ**

THE STATE CUSTOMS SERVICE
UNDER THE MINISTRY OF FINANCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC
SPECIALIZED-TRAINING CUSTOMS


Кыргыз Республикасы, 724319,
Чүй облусу, Аламүдүн району,
Ленинское айылы, Коммунарская көчөсү, 91/5
Тел.: (+996 312) 45-19-33, 93-77-90
Факс: (+996 312) 44-64-78, 45-19-34
БИК 440301
ИНН 01311201710289
e-mail: stc@customs.gov.kg
http://www.customs.gov.kg

91/5, Kommunarskaya str.,
Leninskoye v., Alamudun district, Chuy
Region, 724319 Kyrgyz Republic
Тел.: (+996 312) 45-19-33, 93-77-90
Факс: (+996 312) 44-64-78, 45-19-34
BIC 440301
Identification Tax Number 01311201710289
e-mail: stc@customs.gov.kg
http://www.customs.gov.kg

Кыргызская Республика, 724319,
Чуйская область, Аламудунский район,
село Ленинское, ул. Коммунарская, 91/5
Тел.: (+996 312) 45-19-33, 93-77-90
Факс: (+996 312) 44-64-78, 45-19-34
БИК 440301
ИНН 01311201710289
e-mail: stc@customs.gov.kg
http://www.customs.gov.kg

2933245 0 0253101 2 2933245 0 0253101 2 2933245 0 0253101 2


26.08.2025 № 20-03-05/1200

**М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети**
**Ош шаары, Н. Исанов көч., 81**

Адистештирилген окутуу бажысы (мындан ары - АОБ) кол коюу үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен Ош технологиялык университетинин ортосунда кызматташтуу жөнүндө келишим тиркемеде жөнөтөт.

Кол коюлгандан кийин келишимдин экинчи нускасын Бишкек ш., Байтик баатыр көч., 4а дареги боюнча АОБго жөнөтүүнү суранабыз.

Тиркеме: 6 б.

Башчы
б/к полковниги А. Мырзалиев

Н. Джукешов, юридикалык иштер бөлүмү, 51-16-67

Scanned with CamScanner

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен Ош технологиялык университетинин ортосунда кызматташуу жөнүндө келишим**

Бишкек шаары «26» 08 2025 ж.

Бул келишим Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (мындан ары – МБК) менен Ош технологиялык университети (мындан ары - ОшТУ) төмөнкүлөр жөнүндө биргелешип иш алып бару максатында, өз ара түшүнүшүү жана кызматташуунун негизинде. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлдү.

Тараптар төмөнкүлөрдү эске алуу менен:

- бажы ишинин теориялык жана практикалык аспектилерин өнүктүрүү;
- студенттердин билим сапатын жогорулатуу жана практика өтүүсүн камсыз кылуу;
- кесиптик билим берүүдө өз ара аракеттенүүнү тереңдетүү;
- биргелешкен илимий жана методикалык иштерди жүзөгө ашыруу;

бул келишимди төмөнкүдөй шарттарда түзүштү:

## 1. Келишимдин предмети

1.1. Тараптар билим берүү, илимий, усулдук жана практикалык ишмердүүлүк багытында кызматташууга милдеттенишет. Кызматташуу студенттерди даярдоонун деңгээлин жогорулатууга жана окуу процессин жакшыртууга, бажы иши тармагындагы билимди өнүктүрүүгө багытталган.

1.2. Кызматташтык ОшТУнун бажы ишине байланыштуу факультеттеринде же адистиктеринде билим алып жаткан студенттерге Өкмөттүк бажы кызматынын түзүмдүк бөлүмдөрүндө өндүрүштүк (окуу) тажрыйбадан өтүүгө мүмкүнчүлүк берүү жолу менен ишке ашырылат.

1.3. Практика өтүүчү студенттердин саны жыл сайын 20 студенттен ашпоого тийиш.

## 2. Кызматташуунун формалары

2.1. Бажы мыйзамдарынын негизги жоболору боюнча маалымат алмашуу.

2.2. МБКнын адистеринин жана университеттин окутуучулары менен студенттеринин катышуусунда биргелешкен иш-чараларды (конференциялар, семинарлар, тренингдер, лекциялар ж.б.) уюштуруу.

2.3. Студенттерди МБК тарабынан бөлүштүрүү негизинде өндүрүштүк (окуу) практикалардан өткөрүү.

## 3. Тараптардын милдеттенмелери

3.1. Ош ТУ милдеттенет:

Scanned with CamScanner

3.1.1. Бул келишимде белгиленген максаттарда жана формада, МБКнын түзүмдүк бөлүмдөрү жана бажы органдары менен биргеликте өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга.
3.1.2. МБКнын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине жабдууларды жана техниканы, китепкана фондун, компьютердик базаны ж.б. пайдаланууга белгиленген тартипте берүүгө.
3.1.3. Бул келишимдин алкагында окутуу иш-чараларын өткөрүү үчүн квалификациялуу профессордук-окутуучулар курамын тартууга.
3.1.4. Лекцияларды окуу, семинарларды өткөрүү, мамлекеттик экзамендик комиссиялардын ишине катышуу, өндүрүштүк, диплом алдындагы практикаларды өткөрүү жана курстук /бүтүрүү квалификациялык иштерге жетекчилик кылуу үчүн макулдашуу менен МБК кызматкерлерин тартууга.
3.1.5. Окутуу программалары боюнча даярдыктан өтүп жаткан студенттерге МБКнын түзүмдүк бөлүмдөрү жана бажы органдарында практика өтүү үчүн уюштурулган жана талапка жооп берген шарттарды камсыз кылууга. Бир курстан 20 студенттен ашпаган санда.
3.1.6. Практиканын башталышына чейин 30 календардык күндөн кечиктирбестен, практика мөөнөттөрү тууралуу МБКны жазуу жүзүндө маалымдоого.

3.2. МБК милдеттенет:
3.2.1. Мамлекеттик мекеме болгон МБКнын адистештирилген бажы бөлүмдөрүндө кесиптик багыт берүүчү иш-чараларды өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга.
3.2.2. Заманбап технологияларды, окутуу методикаларын жана башка усулдарды ишке киргизүү үчүн окуу-усулдук иштеп чыгуулардын үстүндө университеттин профессордук-окутуучулар курамы менен биргеликте иштөөгө жана көмөктөшүүгө.
3.2.3. Университеттин студенттери үчүн өндүрүштүк (окуу), диплом алдындагы практикаларды өткөрүү үчүн окуу базасын берүүгө.
3.2.4. Студенттердин практика программасын аткаруусу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө.
3.2.5. ОшТУнун студенттерин МБКга караштуу бажы органдарына практика өтөө үчүн бөлүштүрүүгө, практика жетекчиси катары кызматкерлердин арасынан бирин дайындоого, ошондой эле студенттердин практика жыйынтыгы боюнча жазуу түрүндө мүнөздөмө (отзыв) берүүгө.

## 4. Жыйынтык жоболор

4.1. Бул келишим кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 2 жылдык мөөнөткө түзүлөт.
4.2. Эгерде тараптардын бири келишимдин мөөнөтү аяктаганга чейин 1 ай мурда жазуу жүзүндө башкача билдирүү жасабаса, анда келишим ар бир кийинки жылга автоматтык түрдө узартылат.
4.3. Келишим тараптардын макулдашуусу менен же бир тараптуу түрдө, жазуу жүзүндөгү билдирүү менен, бир ай мурда эскертүү менен токтотулушу мүмкүн.

Scanned with CamScanner

4.4. Бул келишимдин эки нускасы түзүлүп, эки тарапка тең берилет. Эки нуска тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

**Тараптардын дареги**

**М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети**

723503 Ош ш.Н. Исанов көчөсү, 81
тел: (03222) 4-38-83;
(03222) 4-35-09
e-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http://www.oshtu.kg
Ректор: Ж.Ж.Турсунбаев

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы**

Бишкек шаары, Байтик баатыр көчөсү, 4а
Тел.+996312510651, +996312511879
papers@customs/gov.kg
ИНН00305200510056
Төрага: А.А.Салиев

Scanned with CamScanner